...И ИСТОРИИ
...ДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 269
88 стр. 1979
Тип. ФАН СССР гор. Фрунзе

2032

9

Касмамбетов Сагорбек
"Семетей" Көрк чоронун айтуусу

1958 ж. март.

ПАПКА
ДЛЯ
БУМАГ

197___ год

Инв. 269.
Касмамбетов Сапарбек
„Семетей" 1 общ. тетрадь.
1980 г.

~~Инв. № 2032.~~

Касмамбетов
Сатарбек.
"Семетей".
Кырк чоронун өлүмү

Отдел рукописей
Инв. № 269
88 стр. 1979
АН СССР гор.

1958-ж. Март айы.

1600 стихотворных строк.

Общая
ТЕТРАД

Собственный вариант
молодого сказителя "Семетея"
Касмабетова Сатарбека
представляет большой интерес
для сравнительного изучения
имеющихся вариантов.
Поэтому ходатайствую
преобрести.

Зав. сектором „Манас"
[подпись] (Ч. Джакишев)

# СЕМЕТЕЙ



Манастын уулу Семетей өзүнүн жери Талас атасы Манас экенин энеси Каныкейден уккандан кийин, тай атасы Кара кандын Актулпарына минип, эл жерине учурашып келиш үчүн, Таласка бет алат. Каныкейдин жомоктоп айткандарынын баары туура болот. Элин жерин көрүп толкунданган жаш баатыр Семетей атасынын баатырлык иштерин ит агытып куш салган жерлеринде бастырып бара жатканда кубангандан көзүнө жаш алат. Кең колдун оозуна келип атасына арнап энеси Каныкейдин салдырган күмбөзүнө келип, анын ичинен бейиттеги чоң казатка катышкан кыргыз баатырларын көрдү. Атасынын кырк чоросуна

түрү болсо кезинсель дечен ой кураат
бирок Энеса Каникейдин букарга качар
да. Абыке, Кобош, Чыймыт Кочкор Алабай
Колбай, деген. Манас-тын туугандарынын
тили менен кырк чоро Каникейге
каршы ок атат. Мына ушул себептен
кырк чоро Семетейге Жолукпай качат
узунду. Кырк чоронун өлгөн жеринен.

Он экиде Семетей
Он бойрогун таянып
Чоң кулабозго киргенде
Чочуланып каранып
Чайпала басып бөлкүлдөп
Кайраттуу кара көзүнөн
Жашы чыгып солкулдап
Жараткан алла колдо деп
Атакем Манас өлтүргөн
Коңузбай калча оңбо деп.

Турган кумбөз ичинде
Манастын уулу Семетей,
Бүткөн боюн тер басып,
Алы келбей жеңедей
Энекеси Каныкей
Салдырган экен кумбөздү.
Көздөтүн чеңебей.
Айкөл Манас өлгөндө
Азапты энең көргөндө
Кыргыздан кыңчак тилалбай
Көчө качып кеткенде.
Чыдай албай Каныкей
Арада ушак сөздөргө
Баатырсы эле кыргыздын
Айкөлүм белгизи жок болоду.
Баласы бойго жеткенде
Атасын кантип билет деп
Эч адамга билинбей
Өз жумушун кеттөен

Жетимниң атты комдотуп
Аркан жибин окдотуп
Тандак болбан жалтарын
Таап берип калтарын
Анжиндин ар жагы
Номенгедин бер жагы
Омондон кул ботонун тоңугак
Күндөл түндөл алдырып
Кара шыбак ылайын
Чок челекке чалдырып
Жарылып шыбак кететден
Үйдүн жүнүн сектирип
Агалбай деген чоң болбан
Абыдан ага тептирип
Бул кулдөзүнүн кирпичин
Бышыртып эркеч майына
Кабылан манас баатырдын
Элин койбой жайына
Жедигер уруу калкына
Жетимниң эркеч бир салып

Жетимиң эркеч бере албай
Жерлигер эли кумбарып
Калык кыпчак элине
Алты миң эркеч салыптыр
Аларда таак бере албай
Айласы кетип калыптыр
Болбой жатып энекең
Салыктыны баадын алыптыр.
Кирпичин майга тундуруп
Жүчлиң эркеч кордурып
Кылымдаан кылым шүрсүк деп
Койла кыцул бурдуутуп,
Ойлочуну алдырып
Оюсуна кам кылып.
Эр манастын күмбөзү.
Коргон жандаа кубаныа
Окуусун Куран каам, куруп
Деп энекең эскерип
Бүтсүндөп күмбөз тездемиа

Кыйналып кыргыз элдери
Кымбаттуу кумбоз салынды
Саман жүргөн энекең
„Күрчүк" деген сүрөтчү
Алтай жактан алынды
Сүрөтчүсү келгенде
Каныкейдин кайгысы
Эми ичинен өртүлдү
Коозголгон кумбоз ичене
Калмак менен кыргыздын
Кагылышын чабышкан
Сүрөттөрү тартылды
Эскерсин эми балам деп
Манасы кумбоз жазылды.
~~Жеңдан [illegible] арылды~~
Карадым менин Семетей
Эр жетип бой тартканда
Эми акыр келер деп
Эжеси мен шорду
Эмгегин өзү көрөр деп

Белги кылын баарысын
Жашы менен карысын
Муну тарткан сүрөткө,
Бешиндеги кырылыш
Чуңду тарткан сүрөткө.
Эки жаат болуп бөлүнгөн
Туну тарткан сүрөткө
Жана Семетей сымбоз кийгенде.
Оң жагына караса
Ак сакалы жайкалып
Боз буудайы чайкалып,
Айбалта белде кыңгырак
58 Кылычы кында зыңгырак
Шалк этме имел билекке
Кыргыздын кызыл айчык туу
Оң колуна кармагын
Кардаластаган калмакты
Кан балайга айдатып
Тарткан жен сүрөткө.

Көрсөк көңүл болунуп
Алдына минген Сарала
Жагалмайдай элирип
Жоого кийген Зооту
Келишкен курмо бадана
Тулку бойго жарашып
Азис хандын Алмамбет
Ач кыйкырык салганда
Акылдан калмак адашып
"Алмас" аттуу кылычты
Алмамбетке карматып
Алдынан чыккан адамын
Айбат чаап жалматып
Аны тарткан сүрөткө.
Көк зоотон тон кийген
Көк тулпардай ат минген
Балбандардын ыктуусу
Найзакердин мыктуусу
Алышса адамдын алы жетпеген

Беттешкен аман кетпеген 
Нойгуттардын кыраны
Акбалтанын чубагы
Калмактын доосу чиночик.
Кайраты каардуу козу тик.
Кармашып найза солуна
Сайышыптырып жоону
муну тарткан сүрөткө.
Атка жекил тайга чак.
Уйкуда жок жолго сак.
Кара калпак кыргагын
Камкор манас сыргагын
Бору тил найза алдырып
Жети миң калкы болсода
Жеңесен кырып сайдырып.
Аргын кандын Ажыбай
Карткурок тулпар миңизген
Айкожо кошой карына
Айкыртып жолго шийгизип

Айтылуу кыргыз ичинде
Атагы чыккан жети хан
Кошун кошун баш кылып
Баарын тарткан Сүрөткө
Өлчөгүн китип олконоп
Ак кула минип зоңконоп
Айбаты каары күчтөнүп
Майлаган буудай жүздөнүп
Белиндеги кеседе
Ок дарысы бүктөлүп
Сын сыпаты бөлүнүп
Сырттандыгы көрүнүп
Зулпукор кылыч байланып
Чаар көзүнө айланып
Чокмору колодо дүкүйүп
Ат үстүндө зүкүйүп
Аккелте мылтык жонунда
Ай тийгендей жаркылдап
Ачуусу келип калмака

Ачылып уну жаркылдап
Кырк чоросу жанында
Сыр найзаны кармашып
Манасты тарткан сүрөткө.
Калчанын уулу Коңурбай
Алгара минген Алкынтып
Атырылтып жулкунтуп
Ноокор өтүк койконоп
Көк найза кармап чайконоп.
Жоон билек жолборс төш
Өлмысын көрсөң кулак кез.
Баатырды тарткан сүрөтка.
Калмактардын калың кол
Болонук чаңга кара жол
Найзанын учу жылтылдап
Көпчүлүк эл кылкылдап
Кыргыз калмак аралаш
Адам көргүз сел болуп
Жүгүргү көргөк адамдар...
Айласын таппай дел болуп.

Кыл муруту сердейтип
Өлүп жаткан эрлерди
Жарадар болуп кыйналып
Ызап тарткан шерлерди
Кыбыр эткен жандарды
Суудай аккан кандарды
Өлүп жаткан төөлөрдү
Атсыз калган жоолорду.
Баарын тарткан сүрөткө.
Нар буудан миңгизип
Караны башка кийгизип
Бир жашар Семетей
Алдына алып өңөрүп
Кан Манаска кайрылып
Долуңдунуп көгөрүп
Өзүн тарткан сүрөткө
Албай-Колбай эки арам
Чыймыт кочкор төрт арам
Абыке Көбөш алты арам
Айкөл Манас өлгөндө

Манас өлдү түшкөн деп
Элчегин айра чапканда
Кызыл ала кан болгон
Энекең Төшүн тарткан сүрөткө.
Жардам берер киши жок
Айласы кетип турганда
Эки атты жетелеп
Эки чанач сүт артып,
Карыя бай качырган
Кезин тарткан сүрөткө.
Акылдуу болсо Семетей
Баарын ойлоп көрсүн деп.
Көк талаага келгенде.
Кимиси душман кимиси кас.
Абайлап туруп көрсүн деп
Атакеси Манастын
Мүчөсүн көрсүн сүрөттөн
Бет талаай аял Жаныкей
Уушуну чечкен экен жүрөктө.

Атасынын Кумбозун
Корганда бала Семетей
Олуп кала жаздады
Ойдо жок оргун создорду.
Ой келгендей баштады
Ардактуу атам эр Манас
Эл айткандай бар бекен
Самагандай табылган
Апакем каныкей Суйгон жары экен.
Менин корбогонум коп экен
Энемдин айткандары эп экен
Чоролордун баарысы
Чогулган баатыр шер экен.
Ок экиге келгенче
Элимдин жаатын билбеген
Ата Семетей уулуң кем экен
Аталетуу кыргыз ак калпак
Баатыр эри бар экен
Асыл талас жеримдин

Аймагы жарык тақ экен
Журункурак айылын издеп тапбаган
Армандуу мендей барбекен
Энекем курган күмбөздү
Бүгүн мен келип көргөмүн
Атамдын тирүү чагында
Албай калдым орнугун.
Кең талаасты беталып
мен букардан чыккана
Эзем такыр көрбөгөн
Талаастын жайын энекемден укканда
Адырлы жылга тал экен
Айткандай эле бар экен
Аскалары аркайып
Арчалары тартолып
Эмиктери ээлигип
Эчен жандар жеелигип
Карагай кайык жыгачы
Кучактасаң жетпеген

Тоголорун карасаң
Жоргологон чычкан өтпөгөн
Буланата дөлөту
Издеген жылач табасың
Табылгысы, шилбиси
Бербейт жердин таласын
Чырканак чынар терги
Адамга тийет кереги
Жылгын менен чеңде
Жерден ашып түйүлүп
Жаңгак алма өрүгү
Шагында бышып ийилип
Алмасы чирип көк болуп
Жаңгагы чирип дөң болуп
Жер жемиши өсүп жайкалып
Берилген талас жеринен
Кеңендигин айталык
Адырдын чөбү сүлүлүп
Аркары төштөн күнүлүп

Асcасынын башында
Анын үнү угулуп,
Булбулу сайрап таңшыса
Өзгөчө тоо таш кубулуп
~~Тоолордун~~ Чымчык тоңкулдак
Жаңаты каман коркулдап.
Токойлорун карасаң
Топ топ кыргоол чилдери
Адырдуу бодур кара таш
Кекиликтин жүрчөнү.
Бактек менен көгүчкөн
Айланып жардуу тегиздеп
Безилдешип учушкан
Кара карга чар карга
Балчык баткак саз жерде
Узун тумшук таркана.
Ар кыл жерге ылайык
Токтогон көлчүк көлдөрү.
Адамды тартып өзүнө

Ак куу, казы ордогу.

Бүдүрдүн чөбү, сунулгак 50

Бучусу тоштон кунолгак

Улуу тоонун башында

Уларынын уну угулган

Тоодагынын чокдуту

Көк~~но~~ чопко тойгон токтудай

Улары бар улактай,

Түркүн дары чөптөрү.

Тоосунда жайнаган.

Адамды тууран аркандай

Чалчыгай, торчой сайраган

Кулжалары өгүздөй

Жейрене качып секирген

Тоосу, ~~илбирс~~, ~~сулоосун~~ суурук кашкулак,

Корум ташка бекенген,

Тумкулору жойлогон

Чычканык терек тойлогон,

Илбирс, жолбоорс сулоосун

Өзин куушуп ойногон

Асмандап учуп айланган,
Жагалмай, буркут, буудайык
Ителги, куш бозумтук
Жемдерин таап жеп ылайык
Жалама аска бетинде
Жайнаит эчки текеси
Жоор болгон карасаң
Текелердин нечеси.
Атактуу талас сонун жер
Атам манас баатырдын
Мекен кылган жай болгон
Коргон жандар кубанган
Самагандың бар болгон.
Арыстандар алышкан
Камандары чалышкан
Жыланын коргон адамдар
Ордунан жылбай калышкан.
Сескелдерин келтейген
Отун жарган долгогтой
Тыбу суук дөңкейген.

Тыйын чычкан сар чычкан.
Ийин казып тоо бузган.
Ар түркүндү көрөсүң
Адам билбес коңуздар
Келиңе кыздар чочуган
Жаңы конгон конуштан.
Коктуда коён кылт эткен
Кундузу сууда жылт эткен.
Бетегеси тулаңы
Кара-кыяк чөп шыбагы
Өлөң чөптүн түрлөрү
Өзгөчө өскөн гүлдөрү.
Тоосунда чай чөптөрү
Туураа экен илгертен
Карылар айткан сөздөрү.
Санжыргалуу кыргыз эл.
Жайлаган жайык төрлөрү.
Аттар чапчып басалбас.
Айтылуу кызык гүлдөрү.

Атасы манас кобылан
Жердеп кеткен жерлери.
Эр Семетей баатырдын
Жүргөгүн эми көзгөдү.
Айтып бүтүп арманын
Акырын Семең токтоду
Арбагына манастын
Шашпай куран окуду.
Бир көңүлдү ой ойлонуп,
Олтурган жерден толгонуп
Күмбөздөгү тартылган
Кырк чоронун сүрөтүн
Даанalaп көзүн жибердим
Ак жолборстой комдонуп
Атакемдин кырк чоро
Аман эсен бар болсо
Өз колума алайын
Атам менен бир неңчок
Аларда менин агайым

Кас болсода энеме
Мени менен жүр дейсен
Кызмат кылган атама
Эмгегин кантип билбейсин.
Абакем менин кырк баатыр
Бээжиндеги чоң казат,
Мында чогу болушту,
Жамандык жана жакшылык
Баарын чогу корушту.
Ооганды бузуп олжо алып
Ойротко барып кол салып
Кербенчини талады
Кеңейтип туш туш тарабы.
Атам манас баш болуп
Толуктаалды жарагы.
Бежинге жалпы аттанып,
Калмактар менен Чабышты
Эмгектенип элине
Баатырлык онор коргозуп
кетирбей колдон намызды.

Буя кызматына карата
Атсыз келген чорого
Атам ат жакшысын мингизген
Тонсуз келген чорого
Тон жакшысын кийгизген
Элсиз келген чорого
Элинен тууган топтургон
Үйсүз келген чорого
Алты канат ак орго
Жабык башын кооздотуп
Аялдардын иштүүсүн
Алып келип топтотуп
Жазатып кийиз тептирип
Жиб шууларын эштирип
Кереге, уук түндүгүн
Усталарга чаптырып
Жаңы үйгө киирчү
Ырдатып комуз кактырып
Ал эми аялы жок чорого

Каркыра моюн элик тош
Кичи пейил ширин сөз
Көрсөң кумар таркабас
Карагат көз кара каш
Аярдай басык жүрүшкөн
Адамдын сырын билишкен
Акылы тунук алма баш
Элден чыккан эң сулуу
Эргий баскан Карындаш
Кыз жолдошусун алып берген.
Ушинтип атам кармаган
Ынтымак менен чоронду
Айлантып колго албасам
Атадан калган чоронду.
Кадырын баркын билбесем
Улуусу менен кичүүсүн
Урушturун тилдесем
Уятты албай көңүлгө
Ордуле менен жүрбөсөм

Семетей бала боломбу
Эзелде эки оңомбу.
Өзүмдөн өзүм жинденип
Жүрө бербей темселеп
Бастырайын бул жерден
Чоролорго жетип эртерек.
Деп ошентип Семетей
Ак-кашы Эр алды дейт
Окчунурак байлаган
Жембаштуу куруч жемдерди
Күтүрөтө чайнаган
Ак тулпардын жанына
Айарлап басып барды ошол.
Кол булгаары чоң терлик
Ак тулпарга токуду
Булгаары желдик ак кашы Эр
Үстүнө барып кошулду
Басмайылды бек тартып
Куюшканды кыскартып
Комолдурук Узартып

Жүгөндөн оозун салынып
Аттанууга камынып.
Атасынын күмбөздөн
Жөнөй турган чагында
Бир кудайга жалынып.
Бастырып чыкты Эрсемен
Аянбаган Эрнемен
Жүрөк толуп кубанган
Бетеге чүйгүн жер менен
Туулганы атадан
Мындай жерди көрбөгөн
Энеси менен көштөшүп
Кең букардан чыканы
Адам жүрбөс жерлерди
Айбан ашбас белдерди
Ат жүрө албас чөлдөрдү
Агыны катуу дайраны
Өлөмүн деп санабай
Дегеле жанын аябай

Баарын Өмөң жайлады.
Кара кандын ак тулпар
Чарчабаган талбаган
Букардан бери чыкканда
Жанына жолдош албаган
Мингген кулук ак тулпар
Башын чайкап маңкаңдап
Көк соорусу дaңкаңдап
Эр төрөңдүн жолошу
Тура түрсүн ушундай
Семетей баатыр жолборс
Мунун мындай таштайы
Тамаша куруп бир жүргөн
Жоонго барса булдурчон
Манастан калган кырк баатыр.
Булардан кабар баштайык
Кабылан манас өлгөндө
Күн жаап кыян сел болуп
Айрылганда манастан

Ак калпак кыргыз эл болуп
Айласы кетип Каныкей
Ожорлук менен турганда
Манастын алты агасы
Кырк чоронун кармантып алып урганда
Каныкейди кармап келгин деп
Катуу буйрук кылганда
Чоролор чыдабастан кордукка
Көндү деейт окуу зордукка
Кызматын шилтеп Көбөштүн
Кулак түрүп Абыкенин сөзүнө
Чөп салалбай көзүнө
Көчкөрдүн тилин алышып
Агалары~~на~~ манастын
Тынымы жок тынч албай
Чырм этип шунда үнүн албай
Кызматына жарышып
Өткөнүн ойлоп ойлонуп
Бир жакка качып кеткенде

Кутула турган жайыңок
Абыке менен Көбөштөн
Алыстап качып бекинип.
Мына ушундай иш менен
Каныкейди садак бермекке.
Арамдарга жакшы көрүнүп
Айтканына көнмөккө.
Чоро башы кадыржан.
Өнөрлүү жигит болуучу
Кадыры элге алынган
Коозоон күлүк тулпарын
Күмүштөн үртүк салынган.
Үрүстөм, усуп, карысак,
Буларда уугуп көп ушак.
Акылдашып көрүшүп,
Сарсакдек каныкейге биртузак.
Аманкул, Сары, Такылдак,
Жазайыл, Элмия, Алыбай
Аларда макул болушту

Айткан сөзүн бузулбай
Баштарына иш түшкөндө
Ке бир адам учундай
Дагы кеңешти чогултуп.
Ырысбай, Меке, Төлөбек,
Бир баланы жумшады
Калган чорлорго жөнө деп.
Баладан укту кабарды
Калгандары калабы
Өмүкө, Өзөк, Эр келди.
Торутай, Торгой, Шер келди
Козу Чекир, Жумалар.
Жаштардын болгон тереңи
Ушул келген чоролор.
Көзгө атар мерген бар.
Ай караңгы жол жокто
Айнибай даана көргөн бар.
Таамайлап сөзүн сүйлөгөн
Тамыз кагаан чечен бар.

Эш3 Экөө төрөлгөн
Баатай менен Болтабай
Кандай кыйын иш болбо
Бара берет чарчабай
Верамандын вирчыуулу.
Борбук чалдын Сынчы уулу.
Комуз3чудан Корчоаке
Балбандан чыккан Нурбеке.
Чокмордоу чоло чапсандан
Жазайыл жаа тарткандан
Алымкул, Көөку, Майрыктын,
Алдыга киши чыкпаган
Мына ушулар келишип
Чоро башчы кадырга
Акылдашып келишип
Туура таап ойлорун
Каныкейге барышкан
Аялда болсо бей таалай
Керемети бер далай

Чоролордун келерин
Билген тура түшүнөн
Түшүнөн көргөн Чорону
Жезиктирди жүзүнөн
Турган жери Ак сарай
Калгасы Зол малай
Жаш кыз Чакта Энекең.
Баатыр тура аттанган
Он төртүндө Каныкей
Олжолоп турум ордоалган
Кирип келген чорого
Энекең таймандастан кол салган
Жазайылдан ок чыгып,
Жалындуу мылтык Чок чыгып
Айбалта менен Чабышып
Каныкей Кадимкидей алышып,
Чарчап тарап кеткенде
Энекең букарга качып жоголгон
Чоролор менен Энекең

Арасы миңтин жоо болгон.
Эсенбайдын Эркинбек
Башына кийип Суусар бөрк
Ары баатыр ары шер
Сүйлөгөн сөзү баары эп.
Алты миң жоо болсо да
Аярлап көзгө илбеген
Жүрөгү курч кайрат көв.
Атырылып сүйлөсө
Адамдан арткан ширин сөз.
Элди туруп кеп айтып
Эй чоролор деп айтып
Баатыр манас жоогуна
Биз кимдерче тең элек
Кара калмак калкына
Жете албаган кем элек
Не дүнүйөң кам болду
Манастын тирүү чагында
Кээ бирөөбүз бай болду.

Мына манас өлгөндө
Ак калпак кыргыз жок болду
Абыке Кобош зор болду
Кызмат иштеп кыйкчоро
Колу бутук чор болду.
Кой десе такыр болбостон
Каныкейге ок аттың
Кантип ишиң оңолду.
Ордук менен жирбодук
Атаңдын көрү кыйкчоро
Менен оюмда сөзүң билбедиң.
Каракан шаарын беталып
Каныкей кетти карачы
Чыркырап ыйлап кызыл эт
Колуна кетти баласы.
Душмандын жообун бер коргоп
Жардам берип биз турсак
Каныкейдей ааламга
Табат эле акылды

Өстүрмөк эле шер кылып
Баласы Семетей асылды
Түшүнбөдүң тууғандар
Келечек иштин чамасын
Абыке Көбөш арамга
Өлтүрт көндө эмне таппаксың
Манастын жалгыз баласын
Мен айт кандай ойго алып
Көңүл бурсаң кебиме.
Кетпей койсо Таластан
Кырылган түгөт кырк чоро
Семетей чоңой бойт беле эмеле.
Ошондо уялботтоп тонду кийгизип,
Үртүктөн будан миңгизип
Арак-шарап ичкизип
Инчен менен арттырып
Ойнотот эле оюнча
Олжотун улак тарттырып
Алабаңын баарыңар

Бірыкты куттуп барк кылып
Муң жанып ыйлап Эркинбек
Талыкшып бойрок таянып,
Ачуусу келип Эркиндин
Кырк чорого каранып
Чоро башы Кадыржан
Айтканын угуп Эркиндин
Бүткөн бою курушуп
Болбогон сөздү айтат деп,
Бузула карап урушуп
Эркинбектей баатырды
Чороло́рго сабатып
Семетейге боор тартып
Ээлигип бизди тилдейт деп
Зынданга салып каматтап
Малы жаны үй мүлкүн
Чороло́рго талатып,
Акылы жок кээ бироо
Кумар жазып кубанып

Мына ушинтип Тарашып
Отуруп жатып Эркинбек
Капилет козу жумулду
Бир туугандын „Сары таз"
Уй кайтарып жанбаккан
Бир кезде. булдо кокжал эр эле.
Мына ушуга үгүлдү
Ак кепиндеп ара жууп
Алып барып коюшту.
Семетей үчүн азап жеп өлгөн айласыз.
Эркинбектей уулду.
Күн саналып ай жетип
Ай саналып жыл кетип
Он эки жыл болуптур
Жетим бала Семетей
Бөйтөл он эки жашка толуптур.
Таласта тируу калган торолор.
Семедин эг кабарын укбаган
Кабилан манас олгону.

Кайрылып жоого чыкпаган
Чыйлыт Көчкөр баш болуп,
Шарап ичип чардаган
Күмбөзүнө маңкастын
Бири да зыярат кылып барбаган
Бир жашар кеткен Семетей
Мындан кабар албаган
Буулукканда Чоролор.
Өз кыргызын талаган
Туштонотбойсуң бизди деп
Байларын уруп сабаган
Чоролордун жүрүшүнө
Абыке Кобош кандарга
Так ушундай салмаган
Чүкө атышып баарысы
Ортого ордо курушкан
Эл коргоону унутуп
Оюнга көңүл бурушкан
Он эки жыл ичинде

Кабылан манас калкында
Ушундай болгон камылга
Эч нерседен кабар жок
Ойноп турган чагында.
Сүйүнчү деген бир добуш
Элге болду табылга
Табылганы жар салган
Баатыр Бакай карыя.
Жаш кезиндей обакем
Боз бууданды минип тиб
Кудай мага берди деп
Элден тентип кетти эле
Бир жашында карады
Он экисинде ойлонун
Семетейим келди деп
Ар кай жерге оярлап
Кыйкырып Элге баяндап
Жаш баладай обакең
Козунон жашы тогулуп

Он эки жыл көргөн кордугу
Башынан кетип жеңилик,
Азабын тартып обалек
Айылдан кетип тоо баккан
Семетейим жолдуктум
Жүргөнүмдө тоо жактан
үшүн Көпчүлүккө үн салып
Кубангандан Эр бабай
Каткыра кулуп шаттанып.
Талас жерди көрмөкө
Элге салам бермеке
Келиптир менин баламдеп,
Атасы менен бирге өскөн
Агалары кырк баатыр
Сүйүнчүсүн аламдеп,
Буудан оозун бурду эле
Ордого барып турдуэле
Ким бар деп үйдө үн салып
Сарбазаны урду эле.

Кыйыр эткен адам жок
Олжону эчак басылган
Семетей келди дегенде
Айласын таппай кырк чоро
Амалы кетип шашылган
Келе жатат дегенде
Эр Семетей алыстан
Алыбай Колбай эки арам
Чыйгыт Кочкор торт арам.
Атыке-Кобош алты арам
Кырк чорого баш болуп
Качмак болуп калышкан.
Сүйүнчүлөп жүргөнүн
Мурун эле билиптир
Бул манастын баласы
Жакшылык бизге кылбайт деп
Тартынбай уруш ачууга
Жазайын очун шартууга
Кырк чоро камданышып жүрүптүр?

Кийсең бойго жарашкан
Күрөкө тондук жакасы
Кары жашка бирдей тек
Кан Бакай ~~К[illegible]~~ атасы
Айкөл тирүү чагында
Жол баштаган эр Бакай
Акылдуу алтын сөз менен
Кол баштаган эр Бакай
Калыйпадан кат алган
Кан Заада Бакай аталган
Караңгыда көз тапкан
Кашиеттен сөз тапкан.
Адамды тарткан шекер сөз
Оозунан төгүлгөн
Эмгеги менен элге көрүнгөн
Куран окуп кат билген
Касыйданы жат билген
Бул Бакайдын алган сабагы
Семетей кайра тамас[illegible]

Авакдын оорундагантала бы
Кырк чоро кайда болод экен
Эми ушуга барады.
Кең таластын жайсаңтоо.
Мына ушуга качыптыр
Келатат Семең дегенде.
Абыдан жолман шашыптыр
Чоро башы кадыржан
Барбайм деген адамдын
Башын айра чаптырып
Алтын кумуш зеерин
Аргымакка арттырып
Чоң кудайга жалынып
Жайсаңтоону жамынып
Семетейге эми биз
Чоро болуп бергенче
Тентип жүрүп өтөлү
Ажал жетип өлгөнчө
Энесине ок атып

Баласына жатынсак
Кырка байлап сойбойбу
Укпайт кашап жалынсак
Ашуу музарт басабыз
Суусамырда ашабыз
Кырк чоро алсак тилинди
„Сагарт" калмак Тагал бар
Иссык-көл жердин башында
Так ошон козодой кагабыз
Семетейге ишенип
Жигиттер не муратка жетебиз.
Жыргал көрөт элек деп
Бут кырылып кетебиз.
Манас бир убакта
Көлдөгү калмакты чапкан кыйратып,
Байкуш менин опамды
„Кудук" деген кыргызга
Алып берип тир ыйлатып
Торолуп тирилик андан элек

Кадыржан койгон атымды,
Үстүңгарбы кырк чоро.
Менин ичимдеги дагымды
Калкалайм десең жүргүлө
Ак таажы алтын башыңда.
Семетей чоро тапканга
Эне кызмат менен жакканга
Калмак „сагарт“ баштатып,
Кара туман кол алып
Бир айланып келебиз
Атаң көрдүк көргөзгөн
Өг алууга келдик деп
Азабын колго беребиз
Кутулуп чыксак таластан
Тоо аралап барабыз
Эзели молдор барбаган.
Тиштеп тартып топторун
Жаш кезимден билемин
Асканду тоонун көк төрүн

Кадыр барка ээ болгон
Калмактардын эр саргат
Сөөлөкөтүү билинген
Арбын калмак көп эли
Абалын сурап жүгүнгөн
Арасында балбан көбү бар
Жүк көтөргөн дөгү бар.
Колго түшкөн туткунга
Тарттыра турган шору бар
Сексен кез жибек арканды
Түбүнө чейин бойлобоз
Сырын билген душманы
Аны менен ойнобоз
Зындан казган ору бар.
Шылтак менен жазалга Камдаган
Он жылга жетер огу бар.
Төрт тилче кошуп сүйрөткөн
Калдыраса үрөт деп
Кулагына коргошундан куйдуруп

Дүлөйлөнтүп жанбарды
Тарсылдагын тундуруп.
Казатта катуу өттүргөн
Замбирек деген зору бар.
Ордосунда соргаттык.
Желдеттерден жетимиш
Найзакерден эки жүз.
Кылычкандан кырк болот.
Карангусу топтолот.
Каарына калгандар
Дарга асылып жок болот.
Өкүм сүргөн элинде
Күндө онон тойлору
Семизинен басалбайт.
Айдап баккан койлору.
Жыбырлары карасаң
Жылкылары өткөнгө
Чаңкырып бээси толгон
Азоосун адам көрбөгөн

Санатың жеткиз көп жылы
Саймалуу торун ордогон.
Бетече тепсеп оттогон
Чүйр чүйр жылкылар
Жыбыркактап тоюттогон
Жери сонун калмактын
Каз ордогу каркылдап,
Ак куусу сүзүп жаркылдап
Суучулдугу суу бойлоп
Ак гардагы көлдө ойноп
Салкын шамал аптоор жеел
Көл жээгинен кылмыкдап
Суттой жарык ай тийип
Жылдыздары жымыңдап
Толкундуктуп жүрөктү.
Толкуну жээкке шарп этип,
Каркыра учуп тизилип,
Созулуп үнү карк этип
Сактаа кербе бели бар

Адамга даана жагычу
Түзжүн дары чөбү бар.
Тилимди алсаң кырк чоро
Таякем „Сагарт" ыңгайлуу
Макул десең баарыңар
Кетели карап турбайлы
Семетейге кошулсак
Эми бизди куда урбайбы
Ушуну айтып кадыржан
Эми дини бузулуп
5а Энем калмак экен деп,
Манаска чоро болгондо
Кача албай жүрдүм кетем деп,
Кырк чорону асырып
Кыял менен мас кылып
Бакчысы минтип тургандо
Беркилер карап турабы
Ширимин келди манас деп
Айтсаң да көңүл бурабы.

Отур тотур козголуп
Камданып калган убагы.
Жымыңдап жылдыз толгондо
Ай караңгы болгондо
Аттанып чыкты баарысы
Кадыр жандай бузуктун
Колуна тийип намысы
Окбогондой иш болду
Кыргын тийген кыр чоро
Талаастан кетип калыша
Карган ата энесин
Ага тууган жеңесин
Карындашын энесин
Аял бала чакасын
Карабастан таштады
Унутулгус иш болду.
Шашытып жылан чакпаса
Чоролордун талаастан безип качканы
Урууп качып кеткендей

Жазатыл кайдан отылды
Бал тилге салып сүйлөсө
Кадыржан бузук сөзүнө
Кыркчоро кызып сатылды.
Мал, жан тоо таш асканы
Кучагына батырган
Кенен жайык өзөнү
Түштүк жакка жазылган
Кыртышы катуу бети түк
Кырк чоро кытын ничитта
Жеригенсип талас жер колду
Кайсы жери сорду деп
Кырк чоро эмне болду деп
Амалын издеп таба албай
~~[illegible]~~ кез болду деп аңгыдаар.
Ак калпак кыргыз эл калды
Катын бала чыркырап
Абышка кемпир бүжүрөп
Ата энесин коргондор.

Бечаралар кантсин деп,
Кейиңе тартып баарысы
Оңки желик Зыркырап.
Баатырдан калган эр Немең
Арыстан туулган Эрсеңек.
Он экиде баланын
Караны борчук сеңирдей
Булчуңдарын карасаң
Чыңап койгон темирдей
Атадан калган чороңу
Көрсөм деп шашып келди эле
Түрсүнчү кантип Элирбей
Сыр найзаны тайнып
Кылычты кыя байланып
Айбалта белде Каңгырап
Сыр билгизбей Зыңгырап
Ак тулпар кулук алдында
Жандап Бакай авасын
Душманы ким досу ким

Ак карасын ирееттеп
Байкап Элдин чамасын
Ким кадырлап сыйлабайт.
Айкөлдүн жалгыз баласын
Элин журтун көргөндө
Көзүнө жашты алды ~~[illegible]~~ эле.
Кырк чоро кайда ава деп
Бакайдан сурап калды ~~[illegible]~~ эле.
Сүйлөдү Кары мыңдай деп
Балам качыптыр чоро турбай деп,
Башкара турган адам жок.
Какырап ээн калышкан
Сабап кызмат иштетип
Абыке Көбөш агасы
Алдап колго алышкан
Атаң Манас баш болуп
Кол ~~[illegible]~~ калмакты
Айландыра чапканда
„Саргарт" атыну хан болгон

Жекиргенде үгүшта
Тартуу берген Эжесин
Кабылан атаң Манаска
Ит агытып куш салган
Мергенчиме кесиби
„Кудун" жакшы киши эле
Ошого алып бергенбиз
Алып келип Таласка
Эчкиликтин кара тоо
Шуулдаган Зоосунда
Эчки теке атышып
Кумарды кочу жазышып
Ойноп жүрдүк оозунда
Кыран эле кырк баатыр
Кырк жагынан камынып
Кыйкырык чуну укканда
Туруштук бербей жаныбар
Орноткон кытай шузака
Тируулой Эчки теке чалынып

Озомдо ошол тамаша,
Кудун мерген келаткан
Биз менен кошо жанаша.
Кара шагыл таш болот
Кара кыр жондун беттери
Так капарлык иш болду
Аты менен келатып
Кудундун учуп кеткени
Мергенчини ушинтип
Жалама беттен жалмады.
Ак кекиндеп ара коом
Кургуйн окуп мергендин
Арбагына арнады.
Аялы эле турумкан
Өзү калмак кызы эле
Келбети сонун келишкен
Сулуудан чыккан үз эле
Угузганда мергенди
Бетин тытып бушкуган

Кара жандан түңүлүп
Сегиз жашта баласы
Артында калды жүгүрүп
Мына ошондон калган Кадыржан
Отуздан өтүп эр жетти.
Жигит болуп Алыке кобошко
Элди кыйнап терметти
Арак шарап ичишип
Атакадан калган чорону
Күн-түн дебей мал кылып,
Алып качты деп уктум
Хан Сарчартка ашырып
Жалган сөздү табышар
Калмактан көп кол алышар
Түкүмү жаман кыяк чоро
Биркүн келин калышар.
Кара жемсөө болушту.
Он эки жылдан бер жака
Бузулуп кетти жаман деп

Болбогон ишке эл капа
Таластын аксакалдарын
Талоонго салып кууратты.
Каныкей энең байкушка
Каршылашып ок атты.
Сураган чорон ушинтип
Бурулуп качты калмакка
Чоро башчы Кадыржан
Алып кетти көл жака,
Бул сөздү угуп эрсемек.
Токтоно албай буулугуп.
Бузулку деген сөз угуп
Бузулуп өңү кубулуп
Кой эмесе аваке
Азабын колго берем деп
Айылдан качкан кырк чоро
Баатырдыгын көрөм деп
Калмактан жоо келбесин
Тургуз колду белен деп

Бүркөлгө күндөй түнөрүп
Түгү чыгып бетинен.
Кашыгы чыгып сөзүнөн
Оту жайнап көзүнөн
Каалгадай кашка тиш
Таруудайдан быжырап
Өсүп өнгөн жеринен
Бузулуп качып кеткени
Кудай жакшы көрөбү.
Чоролор турса Таласта
Тиет эле азаздан
Абыдан элге керечи
Өөп ичинен зыркырап
Мен букардан чыкканда
Ойлоп келсем жалгызымы
Семчилдик иши бар болсо
Кечет элем баарысын
Эмнеге менден качышат
Бөтөн калмак эмне

Кеткенине кырк чоро
Ичим күйүп ачышат
Ант берип кылыч жалаган
Эмне үчүн алар шеттиулепайт.
Билдим жайын алардан
Тегин жерден өт чыкпайт.
Кача болуп кайчырып
Ачуулакка Семетей
Абасы Бакай унчукпайт.
Олбуй Солбуй чамынып
Куучунчу болуп Семетей
Тушмоко Чоро артынан
Ок дарысын Байланын
Жуумончубай камынып.
Баланын меңтип тургансы
Каардангын жетимче
Жеңесен жалмап койчудаб
Кырк чоронун жебергалын
Билгенсөң бакаб сөз сүйлөп.

Шаштай турун топ себлоп.
Кыжы чоро оңой жоо эмес.
Абайлачын жолуңду.
Алакты кылда оюнду
Мындан ары барасың
Мерке кара байтаа
Күн түн өйбей күүлөнүп
Кыйналып көп чарчаба
Барганда орун боlорсуң
Айтылган ошол жерлерче
Бойоң, чаян, көп болот
Айтарсың барып көргөнүңдө
Кол башына барганча
Бир айлык жол басасың
Суусамыр казарт белибар
Олардан өтүп ашасың
Аңгорома кабак жумчалды
Аралайсың долай кырларды
Айтып өчып беребин

Жашыруун далай сырлардын
Бөөтбөөт жери бар
Аландабай чуночым
Кыраакы болуп карап жүр
Алардын жашынып жатар эки бол.
Жолуңдан чыкса атышат
Жойтулап качышат.
Барба десем болбойсуң
Аны өзүм билемин.
Аман болсом артыңдан
Бир күндөн калбай жүрөмүн
Өзүң бир баатыр дегенде
Обсуз күлүк ак тулпар
Оозун тарта бурдаф эли
Толгоп өргөн ак камчы
Толгой кармап имерип
Соорунуң көздөй уйду эли
Камчы тийди соорунга
Чыдабай тулпар ооруга

Тизеси жерге бугулуп
Жата калып жугуруп
Аркардай арыш салды эме
Аябай чуркап алды эме
Сыны жакшы тулпардын
Сонон туяк кетмендей
Кокулун кырпып керткендей
Козундө куйтон шамы бар
Көркөму жакшы жаныбар
Соорусунун кошкончо
Орнотуп казан асандай
Казылган ор болсо да
Секирип өтөт жазганбай
Таятасы Кара кан
Тартуу берген ак тулпар
Учкан куштай зыркырап
Ачуу кеткен Семетей
Таза жел беттен ойлоган
Ак тулпардын торут шукье

Жолду казып Саймалап
Бажын чайкап маҥкаҥдап
Тизгинин тартып койгондо
Шайбыры чыгып буруштоп
Кеҥ соорусу даҥкаҥдап.
Куулөнгөн семетей
Издегени чорокор
Жолдуп калса куучулар
Кантип иши оҥолор.
Чарчабасын тулпар деп
Кезкезде жай бастырып
Ыгы келчен тӱз жерде
Сылай камчы жеберип
Катулай чаак шаштырып
Болсой айткан далай жеб.
Желетап Семек аралап,
Абасындай кыра чого
Таластан качып чыкканга
Кайтырып бала баатырык

Эт жүрөгүн жаралап
Издегени Көкчө чоро
Атасы Манас баатырдын
Насият айтып элчиге
Кетти элин талаалап
Жалгыздыкка жамандык
Илгертен калган сөз экен
Ар кайсы сөзчө курчалып
Эр Семетей угналтын
Ачуусу келген кез экен
Күңгүрөнүп күүлдөнүп
Элестеп арка бергени
Арслан өтүн келатты
Кара балта мергенге.
Келе жатын көз салса
Оттогон койдой жатышат
Бөөк менен чаяны
Шекер кылып жердеген
Каракум Адыр талааны

Чаянды көргөн Семетей
Эси чыгып калады
Чороорчо беттешик
Бир кумардан калсамдеч
Баатырдын ушул талабы
Белин ашты Суусамыр
Керилген жайлоо жашыл төр
Бетеге белден букчаят
Белеске чыккан түлүк көр.
Жарашыктырып койгондой
Түрдүү чымчык үндөрү.
Айланып учуп чыркылдап
Ар кандай өнөр билгени
Көрүнүшү таластай
Суусамырдын жерлери
Тунук кашка булактан
Түшүп атын сугарып
Чөбүнөн адам баса албас
Оролот бутка буралып

Токтоп тулпар чалдырып,
Тамактанып өзү да
Курсагына кам кылып
Энекеси канышей
Жазап берген кул азык
Теректен оюп жазаган
Кара аякка салды эле
Түнүк кашка булактан
Аягына суу куюп
Аралаштырып баатырдын
Аябай жутуп алды эле
Кулазык жайы мындайча
Кача болуп кайтарып
Суусап келе жатканда
Өзүм ичип алганда
Кабагың жарык жазылат.
Казатка кирсең кырышып
Карсылдашып чабышып
Ачка болгон кезиңде

Пайдасы тийип өзүнө
Топ болот ичсең курсагың
Ооруган жериң басылат
Аптан соккон ысыкта
Кулазык тамак бар болсо
Жолочу жүргөн кишиге
Талыкшыптай алып жүрөт
Ушундагы кызыкта
Тамактанып Семетей
Лачын куштай айланып
Ак куржунду салынып
Бөктөрүнчөк бөктөрүп,
Канжыгага байланып.
Бастырып чети кайкаңдак
Алакандай тайпаңдан
Ал жерге чыга бергенде
Ылдый түштү. Чөкөлүп
Бөөт бөтөдөк жер
Түгөнүп жайтты сукалуп,

Капчыгай өзөн башталып
Өйүз бүйүз тоо болуп
Самсалаган аска таш
Жалама бийик зоо болуп
Мөңгүдөн чыккан кашка суу
Төмөндөп агып шаркырап
Суу түбүндө таштары
Чагылып күнгө жаркырап
Созула агып үн кошуп
Коңгуроодой угулуп
Капчыгайдын ичтери
Жаңырык чыгып күбүлүп
Көрүнгөн тоонун сеңирдек
Семетей жайнаган Чыйын суусундук.
Көкөмерен чоң дайра
Агып жатат шарпылдап
Тоо ташка урунуп
Жанталашып аккан суу
Уланышып эмерен

Бирин бири кубалап
Жашынмак ойноп жүргөндөй
Чубала агып теминип.
Жайык сайроо таштардан
Тарам тарам бөлүнүп,
Кулач керип аныска
Кокомерен суу агып
Бара жатат Семетей
Жыгачтуу жээкти кыркалап
Талыкшытат көзүңдү.
Жылгасы көп чар тарап
Өзгөртүп жердин жүздөрүн
Асманда күн нурданып
Терек сыр менде дегендей
Мактангандай адамга
Жер үстүндө тоо чарлар
Желкинет желче ыргалып
Таластан качкан кырк чоро
Жолдон жоо чыгар деп

Жарак жазайын алышып
Уруш ачууга тыңдалып
Ак мөңгү муз жамынган
Ала-Тоонун нечен сыры бар.
Чыксаң башың айланган
Бийик бийик кыры бар.
Кайла жерди басыптыр
Кырк чоро кызарттын белин ашыптыр
Айрысуу торго келишип,
Арчымак жерүн жешилтип
Ак чатырды тиктешип
Кадырманга кирилтип,
Семиздеп жылкы союшуп
Кокустук болбой калбайт деп,
Кырга кароол коюшуп
Олон кыруп эс алып
Өз оюнча болушуп
Тургаңында чоролор
Кароолчусу кем айтып

Кыр жонго барып тургамын
Кылтыйтып дүрбү бургамын
Бир атчан адам көрүндү.
Мунарыктап болунгон
Шор булактан жонунан
Көрүп көзүм тыңдадым
Мингени тулпар эң күлүк
Алты айчылык жерлерди
Алты күндө серпчидей
Айбандан аноой табылбайт
Үстүнө минген жаш бала
От тонда кайта тартпаган
Алдынан түмөн кол чыкса
Кайрылып артка качпаган
Кайраты бар кажыбас
Көзү күйүп жалындайт.
Кабылан манас өзүндөй
Жаралган экен адамдан
Жок жоготкон жандарга

Эки жагын карангган
Бурактан бери чыккандай
Ачуланып кыйкырса
Аска менен тоо ташты
Айбаты алып бузгандай
Корор замат аял шерди
Коргоодум корконодон
Сууга түшкөн чычкандай
Жоруп койдум мен корчп
Семетей чоң болбосун
баласы боксо манастын
баарыбыз соо болбойбуз
кудай өзү колдосун
безгек болгон немедей
чыдабай турат калтырап
чаап келип аты жинкап
Өлгөнү турат өлсөрөп
Караатчуну корконодо
Эмне өлгүн биле албай

Чоролор туруп жалдырап.
Кетели дешсе кээ бирөө
Тоо ташка бекинип.
Жиноору бизге жиитген, ~~[illegible]~~ деп
Таластан эмне качтык деп
Кай бир адамдар өжүнүп
Кордоолду сүйлөп ушентип
Кабарды катуу салды эле.
Булар да оңой эр эмес
Кабылан Манас тушунда
Жоого конгон баарысы.
Абыке Кобош тушунда
Оого конгон баарысы
Туулуп өскөн жерди ойлоп
Ата-эне жана элди ойлоп
Кай бирөөлөр күйүнүп
Коргоош үчүн жандарын
Зоот чопкут кийишип.
Найза, кылыч. жазайыл

Колдоруна алышып,
Корконуна чыдабай
Аргымактарын жетелеп
Жонго чыкты жарышып
Корон эрсемек ошонго
Жонго чыккан коч элди
Катарлап зоот кийинген
бул кайдан келген жашар деп ~~деп ойлоды~~
Удурчушып бурулгон.
Чындап эми сезди ошол
Кыдык чоро ушул экен деп
Ак шулпардан түштү эми
Чаболоң жана басмайбыл.
Алардын тартып бекемдеп.
Элдешке шууганандар
Элге алып кетем деп
Саламдашып буларга
Жай сүйлөшүп коройун
Дыныкды Сатык каачырга

Бузулдукар дебетин
Ак кӧҥүл Семеҥ Кубаныҥ
Айталык деген сӧздӧри
Кӧз алдында сыналык.
Ӧзүм ӧзүм токтотуп
Карап кӧҥүл бурду эле.
Семетейден торнышып
Ӧлсӧк дагы өлдүк деп,
Жазалдыл атып ок сунуп
Ӧзүн талаа жондорду
Айга учурган чуу кылып,
Атышып чоро турду эле.
Ӧз тууганың ок атса
Канаат адам чыдасын
Качанкыга эстемек
Атасы Манас мурасын
Карчыга тийгир кырк чоро
Чын эле айбан турбайбы
Жеңекесем ушул кырганан

Мени кудай урбайбы
Асмандан түшкөн алтын күч
Кудайынан табылган
Кан манаска кабылган
Баарынчысы Зулпукор
Азиреталы балбандын
Колунда жүргөн чоң кылыч
Эр Азамат баатырдын
Маңдайга бүткөн зор берне
Шиберче козго өтүп кеткен
Шилтегени мүрт кеткен
Каарына албай жүрбөгөн
Кан ичпей кынга кирбеген
Байлап койсоң белиңе
Жабдыктын асыл мөдөрү.
Жабышкан жоого шилтесең
Жайлай тургун кереги
Кындан суурул турду эле
Кырк чоронун бет алып

Атка камчы урдуу эле.
Абыдан кулук ак буудан
Арандай оозу ачылып
Ак кобугу чачылып
Баатырдын уулу эр Семен
Чорону калды качырып,
Тилекке жеткей баарысы
Өлөрүн эми билгенде
Моңдуу Сындуу төгүлгөн
Калың Октон таймандбай
Бала Семен киргенде
Ширисуу төрдүн талаасы
Тополоң тоско айланып
Жамандар десе болбодум
Карылардын сөзүнөн.
Бул эмне жоручу
Айыңман Чынты өзүмөн
Өздөн чыккан Душманды
Өлтүргөмүн баарын деп

Кетип кеёт ичинен
Кырдагы келген кезинде
Кызыл жибек оңбойбу.
Акмакжан кырк чоро
Ата менен эненин
Алып алган жарынын
Кашында турса болбойбу.
Абыке Кобош ачалар
Сабаса куйдо тепкилеп.
Ал кордукка чыдачыр
Акырчан тура булардан
Кадырсан өлөн бир капыр.
Атам манас кабылан
Таңдаган эки чоросун
Таштаган бакан кыдыр баатыр.
Эмне үчүн мага ожатат,
Ушунда түшүк сөз жатыр
Окутайын намазын
Жарды болгон мен бакыр

Ынтымак ишин ойлосом
Жазагыңдары өлдөксөн
Өлтүрчүдөй түрлөрү.
Жон оюна мен койсом
Авалы балаай олуя.
Чечкен экен чебердеп
Аман болсо Семетей
Оттылына келер деп.
Бузулдуучу кырк чоро
Казатын колчо бердеп
Кантип чыдап басамын
Уят болуп элиме
Кырк чорону куткарсам
Бетин кантип карайымын
Курбу курдаш теңиме
Жал машдап колдо зынтухор?
Кудалап барат чорону
Коогочеп тышту артынан
Бөтүнү деп чоро жоночу

Жеткенин чаап жулатып
Ат үстүнөн сулатып
Кайра тартпас эр чоро
Өлсөм да баары бир өлөм деп
Айбалта менен чабышып
Сабы сынып балтанын
Колдорунда калышып
Арбагы Манас колдо деп
Чоролор менен алышып
Ойдунда жана түз жерде
Бирине бири жете албай
Чаңдатып жерди жарышып.
Күндүн учу созулуп
Кочкор ата тоосу түш
Ортосу түзөң жер экен
Жумгал менен кочкордун
Арасын бөлүп туруучу
Кызарт деген бел экен
Ошол жердин түзүндө

Эл үчүн кумар чалдым деп
Сенин жайлады далай чогону
башталган эмес түрмүштө
Кыргыздан качкан калмакка
бусулман аттуу оболу.
Кызылганда эр баатыр
Кыркын бүтүн кырды эле.
Зор Зулпукор кылычты
Кызыл канга бойотуп.
Кыя карап шуудуу эле.
Кайкыдан калың колчукту
Касаба туулар калкылдап.
Боз буудан менен алдыда,
Адырдан тапал жол баштап
Аваса бакай карыя
Ак сакалы жаркылдап.
Калдун баары козголуп
Кең Таластан келмекти
Кырчоро кырылгандыгын

Кыжаар тартып карышты.
Малдарына оттотуп
Жашыл талаа өрүштү.
Таштабай сөөгүн талаага
Өзүнө өзү кылды деп
Чоролорду көмүштү.
Эл коргого келгенде
Кыргыздан чыккан эрлерди
Белгиси жок болор деп
Эскеришти шерлерди.
Таластан качып келишип.
Кочкор жерде өлдү деп.
Кылымдан кылым Кыргыз эл.
Эстесин деп белгилеп
Семетей баарын коргонда
Кочкор ата жанынан
Бакайдын мазар ташы бар
Кайыбынан табылчак
Уулдардын баарысы

Эстелик болуп жүрөт деп,
Кырк чорого кырк күмбөз
~~Тургузалы~~ деп айтып
Абасы Бакай баш болуп
Сакалдуу карыяларга
Сүйлөшүп койду ирээт деп,
Жакшылыктын чоролор
Арбагында эстесин
Кокондогуга салбасын
Жамандык менден кетпесин
Кийлигишпей Семетей
Элден ушак кебине
Ортоктун кара сазынын
Өрчүн кургак жерине
Топурагын казгырып
Кирпичтерин куйдуруп
Сууларын текшерип
Баш болуп устанын кашында
Кургактарын жыйдырып

Кырык чорого арнатым,
Кырык кумбозун салдыгым
Кара аша кыржын оттуруп
Кадырлантын таң кылып
Бузулса да бууардыне
Эмгеги бар эминде
Тура бербей жыргашым
Туулган талас жеринде
Тартылык жону ушкадай
Ажал тартты кочуно,
Өлтүрөм деген ойдо жок
Токтоттум ~~өчүг~~ мен ~~кармадым~~ ачуунаш.
Карышлашып ок атып
Чоролор тозуп ашудукур
Өзөкке жалын чок салды
Куттудан суурута октуалда
Кыржаап шартын ок атса
Тополоң тозго айланда.
Ажакты болуп бербоодум

Табалбай казыны айламды
Атам Манас ~~эр~~ колдоп.
Азирет Аалы шер колдоп
Чоролдошкон чоролор
Окуусунан жайланды.
Аркайган аска Ала-Тоо
Чокулар шейшеп жабынып
Мөңгүдөн аккан кашка суу
Жылтылдап агып сабылып
Бизди таштап качат деп
Кырк чорого тарсынып,
Кара Кочкор жеринен
Ортоктун ооз торукан
Тунаруп жатсын мында деп
Ажыратып ата-эне тегинен
Кучагына жер алгандай
Кырк күмбөз катар салынды
Окшошуп тууда калгандай
Эр Семетей баатырын

Жакшылыкты эскерип,
Курдурган экен Чорого
Кыргы кумбозду. Эстелик,
Ортоктун жатык төрүндө
Айтылуу Кочкор жеринде
~~Мурасы~~ Кумбөздөрү бар чоронун
5а. Айтадык жоктогун.

Мен Касмамбетов Сапарбек
1934-жылы Иссыккуль обласы
Ананевка району корумду
Селосу Кызыл бирлик к/зунда
Кедей дыйкан үй бүлөсүнөн
Туулгам ата энем революцияга
Чейин кедей революциядан
Кийин колхозчу болгон. турмушуна
байланыштуу 1936-жылы Нарын
шаары Тяншань обласына
барышкан 1940-жылы Атам
Олгондон кийин Энебиздин
Туугандары Кочкор району
Кок-жар Селосуна келген
Мен Кок жар Селосунан
1948-жылы жети жылдык
школду бүткондон кийин
Фрунзе шаарындагы № 8
техникалык окуу жайына

1950-жылы бүтүрүп чыгаргам.
Таластагы обласынын телефон-телеграф
бөлүмүндө техники болуп иштеп
1953-жылы орто-токой Суу сактагычынын
телефон-радио станциясында
1955-жылга чейин иштедим
1956-жылы республикалык маданият
школдун биринчи курсун бүтүп
бетияны шартка байланыштуу
жана өзүмдүн ден соолугум начарлап
окубай калдым 1957-жылы
балыкчы райондук маданият
үйүндө инструктор массовик
болуп иштедим азыр. балыкчы
району Симафор кочосу №9.
Турам Оек
28/III-58г.

[signature]

Ланчхутский филиал УПО
«РИОНИ» ОСГ
АРТ. 3503 ГР Цена 22 коп.
ОСТ—81-53-72